# Чычкан үйдө…



Автор: Соумья Раджендран

Сүрөтчү: Таная Вьяс

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Чычкан үйдө…

Автор: Соумья Раджендран
Сүрөтчү: Таная Вьяс
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021


Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses /by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Mouse in the House*, Copyright © 2015, Pratham Books түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Чычкан үйдө…" (кыргыз тилинде), Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган, автор Соумья Раджендран, сүрөтчү Таная Вьяс, Pratham Books ©2015 CC-BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан.Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyw eaver.org.in/stories/12031-mouse-inside-the-house

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.


Created with Bloom



Биздин үйдө чычкан пайда болду. Аны чоң энем биринчи көрүп калды.


– Чычкан! – деп кыйкырып, дивандын үстүнө чыга калды.

Жаздыктар жерге кулап түштү.



– Кана, кана? – деп атам чочуп, терезенин кырына чыга качты. Ал терезе парданын артына жашынып калды.

– Тигине! Тигине! – деп апам да кыйкырып, столдун үстүнө чыгып кетти. Столдун үстүндөгү идиштер жерге кулап сынды.




– Чычканды карма! – деп Баатыр мышыкка айтты. Мышык чычканды көрүп, керебеттин алдына кире качты.

– Чычкан! – деп Баатыр кыйкырган бойдон мышыктын артынан чуркады.




– Мен аны кууп чыгам, – деди апам. Ал шыпыргыны колуна алып, туш келди ургулай баштады.

– Чычкан! Сенин артыңда жүрөт! – деп кыйкырды атам. Апам чычканды көрүп, коркуп кетти. Ал да керебеттин астына жашынды.



– Чычкан! – деп атам кайра кыйкырып, терезенин форточкасына жеткенге шашты.

– Сол жагында жүрөт! – деп чычканды көргөн чоң энем кыйкырып жиберди. Ал дагы керебеттин алдына жашынды.



– Жок! – деп атам коркуп, үнүн акырын чыгарды.

Ал эми мындан өйдө чыга албай калган эле. Ошондуктан ал да терезеден акырын түштү.

Чычкан көрүп койбосун деп, ал да керебеттин алдына жөрмөлөп кирди.




– Эмне кылышты мен билем, – деп чоң энем керебеттин алдынан чыкты. Ал гезитти тоголоктоп, туш келди чапкылап кирди.



– Үйдө чычкан жүрөт, – деп бардыгы кыйкырып жатышты. Ызы-чуудан кичинекей Айнаш ойгонуп кетти.

Ал керебетке отуруп, уйкулуу көздөрүн акырын сүртө баштады. Анын жаздыгынын астында эмне чыйпылдап жатты эле?



Анын кичинекей тумшугу, төрт буту жана узун куйругу бар экен.


– Чычкан! – деп Айнаш сүйүнүп, алакандарын чапкылай баштады.

Кичинекей бөбөк чычкан менен ойногусу келди. Чычкан болсо качып жүрдү. Айнаш анын артынан жөнөдү.



Алар дивандын үстүнө секиришти. Терезенин кырына чыгышты.

Столдун үстүнө чыгышты. Жаздыктардын арасында томолонуп жүрүштү.



Алар бөлмөдө айланып жүрүшүп, отургучтарды кулатышты.

Бир маалда чычкан эшикке чыгып кетти.



Бул чычкан!

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Соумья Раджендран
Сүрөтчү: Таная Вьяс
Которгон жана адаптациялаган:
Талгат Деркембаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли